“Каралды”

ККТТИжЭКнин
Педагогикалык кеңеши

Протокол№5

“15” март 2022-ж

“Бекитемин”

ККТТИжЭКнин директорунун
милдетин аткаруучу ф.и.к.
доцент ________ К.О.Ураимов

“15” март 2022-ж

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Т.КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИ**




**2022-2026-жылдарга карата**

# КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИНИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

**Кызыл-Кыя – 2022-жыл**

# Мазмуну

1. Жалпы маалыматтар.........................................................................................................
2. Миссия...............................................................................................................................
3. ККТТИжЭКнин стратегиялык өнүктүрүү программасынын жалпы максаттары....
3.1. Билим берүү ишмердүүлүгү.....................................................................................
3.2. Тарбия берүү ишмердүүлүгү ....................................................................................
3.3. Окуу жайдын финансылык-экономикалык ишмердүүлүгү жана материалдык -техникалык базасын өнүктүрүү.........................................................................
3.4. Колледжди башкаруу.........................................................................................

## 1. Жалпы маалыматтар

Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжи өлкөбүздөгү окуу жайлардын арасында эң алгачкы окуу жайы болуп эсептелет. Колледж өзүнүн ишмердүлүгүн 1932-жылы окуу жайы ачылгандан баштап жүргүзүп келет.

Азыркы учурда ККТТИжЭ колледжи өлкөбүздүн алдынкы орто кесиптик окуу жайларынын катарын толуктап, билим, илим, маданият жана спорттун тынымсыз өнүгүп келе жаткан бобору болуп саналат.

Колледждин курамын 9 цикл түзөт. Окуу жай кесипкөй адистерди (тоо-техниктер, геологтор, курулуу-техниктер, конструктор-модельер, автоо ууна-техниктер, технолог, бухгалтердик эсеп, банк адиси, салык боюнча адис, менеджер, компьютер устасы, программист, электрик, электро-механик, ачык тоо иштери, жер астындан пайдалуу кендерди казып алуу)даярдоо менен бирте аккредитациялык көрсөткүчтөрдүн талабына ылайык “колледж” деген наамга дал келет.

Учурда колледж – орто билим берүү боюнча 18 адистиктерге лицензия алып, ошонун негизинде иш алып барат.

Окуу процессинин камсыздоодо колледжде 3 илимдин кандидаты, доценттер, 2 магистр жана 10 ага окутуучулар, 65 окутуучулар эмгектенет.

## 2. Колледждин миссиясы

**Атаандашууга жөндөмдүү, иновациялык потенциалга ээ, орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдоо.**

## 3. ККТТИжЭ колледжинин стратегиялык өнүгүү программасынын жалпы максаттары.

Бул стратегиялык программаны иш жүзүнө ашыруунун негизгиси болуп, колледждин өз алдынча билим берүүчү окуу жай катары таанытуу жана статусун сактоо, кесипкөй адистерди даярдоодо колдонулуучу билим жана илимий борборлорду өнүктүрүү, замандын деңгээлине жараша илимий изилдөөлөрдү аткаруусун камсыздоо.

Ар кандай багыттар боюнча стратегиялык өнүгүүнүн программасы төмөндөгүлөргө багытталган;

- колледждин уюштуруу түзүмүн жакшыртуу, башкаруунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу;

- билим берүү процессин жакшыртуу жана өнүктүрүү (мазмуну жана уюштуруу);

- окуу жайдын инновациялык ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана өнүктүрүү;

- билим алуучулардын сапаттуу контингентин түзүү;

Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжинин 2021-2022- окуу жылына карата педагогикалык кеңешмесинин кезексиз отурумунун

№ 5 протоколу көчүрмө

15.03. 2022 – жыл Кызыл-Кыя ш.

Катышкандардын саны –14

**Ураимов К.О**.- Урматтуу окутуучулар, бүгүн педагогикалык кеңешменин кезексиз отурумун өткөрөбүз.

**Каралуучу маселелер:**

1. Колледждин миссиясын түзөтүү жана бекитүү.

2. Стратегиялык планды кароо, бекитүү.

1-маселе боюнча:

Сиздерге белгилүү болгондой колледждин миссиясын кароо менен түзөтүүлөр каралат. Толуктоолор, сунуштар болсо айтыныздар.

Сунуш:

Г. Аширкулова – Ооба миссияны карап чыктым, окуу жайдын атын алып салсак кандай болот?

А.Кыргызбаев - Миссиянын кээ бир жерлерине өзгөртүү киргизүү керек экен.

ЧЕЧИМ:

1. а) Атаандашууга жөндөмдүү, инновациялык потенциалга ээ, орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдоо.

б) Подготовка конкурентноспособных компетентных специалистов среднего звена с инновационным потенциальном.

2. Колледждин миссиясы бекитилсин.

Каршы, калыс жок. Баары бир ооздон макул болушту

2-маселе боюнча:

Стратегиялык план боюнча директордун милдетин аткаруучу ф.и.к. К.Ураимов жана У.Саидкамалов маалымат беришти .

А.Кыргызбаев - стратегиялык план боюнча биз АӨБ доолбору менен иштеп жатканыбызды эске алып, “Алдынкы тажрыйба борборунун планын иштеп чыгуу жана АӨБнын долбоору менен айкалыштыруу”- деген максатты да кошуп коелу.

Юсупова А- стратегиялык планды карап чыгып, китепкана боюнча айта кетсем бул жерде акыркы 5 жылдык китептер менен толуктоо деп турат.Ошону 10 жылдык китептер менен толуктоо деп кошуп койсок.

Маматалиев А- стратегиялык пландын мөөнөттөрүн ар бир тиешелүү жооптуу бөлүмдөр менен сүйлөшүлүп коюлсун.

Жогорудагы сунуштар эске алынып, ондоолор коушмчаланып бекитүүгө сунушталсын.

ЧЕЧИМ:

2. Стратегиялык планы бекитилсин. (план тиркелет)

Каршы, қалыс жок. Баары бир оздон макул болушту

Кеңешменин катчысы: Юсупова А.Ж.